**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгында Ноокен районунун социалдык экономикалык өнүгүүсүнө анализ- жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын бюджетеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча**
**Жалпылоо отчет**

«Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» Конституциялык Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн 2023-жылга карата аудитордук иш планына жана 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын бюджетеринин түзүлүшүнө жана анын аткарылышына шайкештик аудит жүргүзүлдү.

Ноокен районунун өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана Кочкор-Ата шаарынын жергиликтүү бюджетеринин түзүлүшүнө жана анын аткарылышына 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгына жүргүзүлгөн аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүшүнүн мамлекеттик инспектору К.Рахмановдун (топтун жетекчиси), мамлекеттик инспекторлор: Б.Эсенов, Э.Караев, К.Ажиматов, А.Жумабаев, А.Матякубов, Кадыралы уулу Маратбек, М.Маманов, жана Р.Маткаримовдун катышуусунда, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Ишенбеков Таалайбек Ишенбековичке билдирүү менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана Каржы министирлигинин Ноокен райондук башкармалыгынын башчысы Маматкулов Асанбек Артыковичтин жана Ноокен райондук аймактык казына бөлүмүнүн башчысы Уразалиев Алибек Абдухалиловичтин катышуусунда жүргүзүлдү.

***Аудит жүргүзүлгөн аралыкта, Ноокен районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жергиликттүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жоопту болуп иштегендер:***

- Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким кызматында 2022-жылдын 1-январынан 31-декабрына чейин, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–аким Ишенбеков Таалайбек Ишенбекович - иштеп келе жатат.
- Кыргыз Республикасынын Каржы министирлигинин Ноокен райондук башкармалыгынын башчысы Маматкулов Асанбек Артыковичтин – толук мөөнөттө иштеп келе жатат.
- Ноокен райондук аймактык казына болүмүнүн башчысы Уразалиев Алибек Абдухалилович - толук мөөнөттө иштеп келе жатат.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурда жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйруктардын аткарылышына аудит:**

Ноокен районундагы бюджеттик мекемелерде, айыл өкмөттөрүндө жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, бюджеттик, атайын жана башка каражаттардын максаттуу, натыйжалуу пайдаланышына 2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча жалпысынан **2180,3 миң сомду** түзгөн каржылык чектен чыгуулар аныкталды, анын ичинен:

Жалпы жетишпестиктер **487,5** миң сомду түздү, анын ичинен: нак акча каражатынын жетишпестиги **462,7** миң сом жана материалдык баалуулуктардын жетишпестиги **24,8** мин сом.

Каражаттарды сарптоодогу чектен чыгуулар жана кемчиликтердин жалпы суммасы **1261,2** миң сом болсо, анын ичинен: материалдык баалуулуктарды эсептен негизсиз чыгыштоолор **71,0** мин сомду, кызматтык сапар чыгымдарын ашыкча төлөп берүүлөрү **10,9** миң сомду, курулуш иштерие кошуп жазуулар **1069,3** миң сомду, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануулар **90,0** миң сомду, дебитордук карыздарды бухгалтердик эсепте жашыруулар **20,0** миң сомду түзгөн.

Андан сырткары, тиешелүү бюджеттерге кошумча чегерүүлөр **373,6** миң сомду түзгөн, анын ичинен: бюджетке чегерилген салык кирешелери **135,3** миң сомду жана жергиликтүү бюджетке кошумча ижара акылар боюнча чегерилгени **238,3** мин сомду түзгөн. Социалдык фонд бюджетине кошумча эсептөөлөр **58,0** миң сомду түзгөн.

Жогоруда аныкталган каржылык чектен чыгуулардан **2180,3** миң сом толук ордуна коюлууга тийиш болгон болсо, аудит жүрүшүндө **595,1** миң сом ордуна коюлган.

Ошондой эле, бюджеттик жоготуулар жана резервдер **341,8** миң сомду түзгөн, анын ичинен: товардык материалдарынын ченемден ашыкча чыгымдалышы **12,1** миң сомду, эмгек акы төлөөдөгү каржы бузуулар (ашыкча штат бирдиги) **255,4** миң сомду жана электр энергиясын пайдалануу эрежесин сактабагандыгы үчүн салынган айып пул (штраф) **74,3** миң сомду түзгөн.

Ал эми, бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануулар **102,8** миң сом, андан өз максатына жетпей пайдаланылган каражаттар **20,0** миң сом, материалдык баалуулуктардын ченемден ашыкча запастары **82,8** миң сом.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүшү тарабынан, Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Т.Ишенбековдун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин Ноокен райондук башкармалыгынын башчысы А.Маматкуловдун атына 2023-жылдын 12-январындагы №01-12/10 саны менен жогоруда аныкталган каржы тартип бузууларынын калган суммаларынын ордуна коюулуп жана жергиликтүү бюджетке толуктоо боюнча Жазма буйрук каты келген.

Жазма буйрукту аткарууда, “Ноокен районундагы айыл өкмөттөрүндө, Кочкор-Ата шаардык мэриясында жергиликтүү жана шаардын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жыйынтыктарын кароо жөнүндө жана аныкталган каржы бузууларды толук ордуна коюуу боюнча” Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 30-мартында №12 токтому кабыл алынган.

Аудитин жыйынтыгында аныкталган финансылык тартип бузуулар жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аймактык бөлүнүшү тарабынан келген жазма буйругунда көрсөтүлгөн финансылык тартип бузуулардын баары, айыл аймактар, Кочкор-Ата шаар мэриясы тарабынан ордуна толукталып, финансалык тартип бузулардын **баары ордуна толукталгандыгы** боюнча маалыматтар Эсептөө палатасына берилген.

**Ноокен району боюнча кыскача маалымат:**

Жалал-Абад облусунун Ноокен районунун ээлеген жалпы аянты – 247 342,0 га. Ноокен районунун борбору Массы айылы областык борбордон 42-км алыстыкта жайгашкан. Райондо негизинен, өнөр жай, мал чарбасы, айыл чарбасы өнүгүп, агрардык район болуп эсептелет. Райондун аймагында 34-бюджеттик мекеме бар, анын ичинен; республикалык бюджеттен каржыланганы 25 мекеме, жергиликтүү бюджеттен 9 мекеме каржыланат.

**Бюджеттик процесстин мыйзам нормаларына шайкештигине аудит.**

Ноокен районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшү негизинен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө» токтомдоруна негиз, Ноокен районунун өнүктүрүү Программасы алкагында, ошондой эле, жергиликтүү бюджеттердин түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу процессинде, мамлекеттик финансыны тескөө жаатында келип чыккан укуктук мамилелерди жөнгө салуучу, Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин", "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү", "Кыргыз Республикасынын 2022-жылга карата республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга божомолу" Мыйзамынын 12-беренесинин талаптарына негиз, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына теңөөчү трансферттерди биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелерди жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгашаларды каржылоого багытталуусу каралган.

**Бюджеттин киреше жана чыгашаларынын жазылышынын, алардын өзгөрүшүнүн тууралыгына жана мыйзамдуулугуна аудит.**

Жергиликтүү бюджеттин долбоору Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №60 «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» мыйзамынын негизинде түзүлгөн. Бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоору ар жыл сайын 1-июлга чейин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилет. Түзүлгөн кирешелер бөлүгүндө салыктык, салыктык эмес төлөмдөрдүн жана жыйымдардын бардык түрлөрү көрсөтүлгөн. Ал эми чыгашалар бөлүгү функционалдык жана экономикалык классификациялар боюнча түзүлгөн.

Ал эми, жергиликтүү бюджеттин чыгашалар бөлүгүнүн долбоору ар жыл сайын 1-августка чейин Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине берилет.

Аудитке камтылган мезгилде бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө өзгөртүүлөр жергиликтүү кеңештердин отурумдарында каралып, тактамалардын негизинде жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары кеңештердин токтомдорунун негизинде жылдын башында калган каражаттар жана отчеттук мезгилге бюджетти аткаруунун жыйынтыгында кирешелердин чыгымдардан ашыкча аткарылышынын эсебинен кошумча каражаттар бөлүнгөн.

**2022-жылга карата,** Ноокен району боюнча (айыл өкмөттөр) жергиликтүү бюджеттеринин киреше бөлүгү жалпысынан – 198145,1 миң сомго, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 140 543,7 миң сомго, атайын каражаттары 21845,4 миң сомго жана трансфертер 35 756,0 мин сомго бекитилген.

2022-жыл аралыгында, жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын жүрүшүндө жергиликтүү кеңештердин токтомдорунун негизинде бекитилген бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөр киргизилип, жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгү жалпысынан – 276 606,7 миң сомго такталган, анын анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 170 202,9 миң сомго, атайын каражаттары 30 672,5 миң сомго жана трансфертер 75 144,1 мин сомго аныкталган.

**2022-жылдын жыйынтыгы** боюнча жергиликтүү бюджеттердин киреше жана чыгаша бөлүгү жалпысынан – 222 629,6 миң сомго (104,4%) 9438,2 миң сомго ашыгы менен аткарылган, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 150 314,0 миң сомго, атайын каражаттар боюнча 30672,5 миң сомго жана трансфертер боюнча 75144,1 мин сомго аткарылган. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттеринин киреше бөлүгү жана өсүү темпи 2021-жылга салыштырганда жалпысынан – 26 589,7 мин сомго (113,6%) өскөн.

**Жергиликтүү бюджеттин божомолунун түзүлүшүнө анализ жана бюджеттин резервтерин аныктоо**

Аудит жүргүзүлгөн аралыкта, Ноокен районунун жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн план-болжолу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде түзүлүп, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин сунушунун чегинде болжолдуу көрсөткүчтөрү боюнча түшүүчү салык жана салыктык эмес төлөмдөрү, жалпы мамлекеттик нормативдик чегерүүлөрдөн алынуучу салыктары жана теңдөөчү гранттын көлөмдөрү жеткирилген.

Ноокен району боюнча мамлекеттик салык башкармалыгынын 7-Н формасынын отчетунда, 01.01.2022-жылга төлөнбөгөн салык карыздарынын жалпы суммасы – 69 573,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен: киреше салыгы 113,9 миң сом, пайда салыгы 9 436,3 миң сом, жер салыгы 1 535,3 миң сом, кыймылсыз мүлккө салыгы 491,1 миң сом, кен байлыктардан өндүрүлүүчү салык 264,8 миң сом, сатуудан алынуучу салыгы 389,1миң сом, КНС салыгы 51 468,8миң сом, Резидент эместердин киреше салыгы 4377,7 миң сом, КНС ЕАЭС 1492,5миң сом жана башка салыктардан 3,9 миң сомду түзгөн.

Ноокен району боюнча мамлекеттик салык башкармалыгынын 7-Н формасынын отчетунда, 01.01.2023-жылга карата төлөнбөгөн салык карыздарынын жалпы суммасы 57766,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен: киреше салыгы 178,6 миң сом, пайда салыгы 213,1 миң сом, жер салыгы 1 247,9 миң сом, кыймылсыз мүлккө салыгы 442,1 миң сом, кен байлыктардан өндүрүлүүчү салык 232,7 миң сом, сатуудан алынуучу салыгы 418,7миң сом, КНС салыгы 53 876,7миң сом, КНС ЕАЭС 1154,5 миң сом жана башка салыктардан 2,4 миң сомду түзгөн.

2022-жылдын 1-январына салыштырмалуу, 2023-жылдын 1-январына карата төлөнбөгөн салык боюнча карыздар жалпысынан - 11 806,7 миң сомго азайган.

**Салыктык жана салыктык эмес кирешелердин аткарылышы, бюджеттин кирешелер түзүмүнүн бекитилген параметрлерине салыштырмалуу бюджеттин аткарылышына аудит жана анализ.**

**2022-жылга карата, салыктык** кирешелердин түшүү планы 257 378,2 миң сомго бекитилген болсо, ал эми такталганы 306 552,6 миң сомду түзгөн. Ал эми, жылдын жыйынтыгы менен салыктык кирешелердин түшүшү 329 984,8 миң сомду түзүп, планга караганда 23 432,2 миң сомго ашыгы менен, же 107,6,0 %га аткарылган.

Ал эми, **салыктык эмес** кирешелердин түшүү планы 45 111,4 миң сомго бекитилген болсо, ал эми такталганы 60 545,3 миң сомду түзгөн. Ал эми, жылдын жыйынтыгы менен салыктык эмес кирешелердин түшүшү 66 472,0 миң сомду түзүп, планга караганда 5 926,7 миң сомго ашыгы менен, же 109,8%га аткарылган.

**Бюджеттер аралык трансферттердин анын ичинен теңдештирүүчү жана максаттуу трансферттердин толук түшүшүнө анализ.**

**2022-жылы бюджеттер аралык трансферттердин** жалпы 35 756,0 миң сомго бекитилген болсо, ал эми такталган суммасы 78 602,6 миң сомдү түзуп, ал эми аткарылганы 78 602,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

- ***теңдештирүүчү трансферттердин*** такталган планы 35 756,0 миң сом болсо, аткарылганы 35 756,0 миң сомду түзүп 100%га аткарылган;

- ***максаттуу трансферттердин*** жалпы суммасы 39 975,3 миң сом болсо, 100%га аткарылган, анын ичинен: статист жана кызматкерлердин эмгек акысына 2429,2 миң сомго, грс кызматкерлерине1091,8 мин сом жана маданият кызматкерлерининин эмгек акылар боюнча көбөйүүсүнө 4 306,4 миң сом, мамлекеттик жана муниципиалдык кызматкерлер акылардын көбөйүүсүнө 22752,2 мин сом, выпад.доход 9395,7 мин сомго каржыланган.

**Жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылуусуна аудит.**

**2022-жылы,** жергиликтүү бюджеттердин чыгаша бөлүгү атайын каражаттарды жана трансферттерди кошкондо такталган план 327382,9 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 283660,4 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 43722,5 миң сомго аз, же аткарылышы 86,6 %ды түзгөн.

“**Жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр бөлүгүнө”.**

**2022-жылга,** жалпы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр бөлүгүнө такталган план 119358,9 миң сомду түзгөн. Ал эми кассалык аткарылганы 107954,3 миң сом болуп, такталган планга салыштырмалуу 11404,6 миң сомго аз, же 90,4%га аткарылган.

**“Экономикалык маселелер бөлүгүнө”.**

2022-жылга, аталган тармакка чыгымдар жалпысынан 476,9 миң сомго такталган. Ал эми өздөштүрүлгөн сумма 411,9 миң сомду түзүп, планга салыштырмалуу 65,0 миң сомго аз болгон, же 86,4% аткарылган.

**“Турмуш-тиричилик (ЖКХ) бөлүгүнө”.**

2022-жылга карата, аталган тармакка бюджеттик чыгымдар 92576,0 миң сомго такталган, ал эми кассалык чыгым 74178,2 миң сомду түзүп, такталган планга салыштырмалуу 18397,8 миң сомго аз, же 80,1%га аткарылган.

**“Эс алуу, маданият бөлүгүнө”.**

2022-жылга карата, аталган тармакка бюджеттик чыгымдар 19789,4 миң сомго такталган, ал эми кассалык чыгым 18491,0 миң сомду түзүп, такталган планга салыштырмалуу 1298,4 миң сомго аз, же 93,4 %га аткарылган.

**“Билим берүү бөлүгүнө”**

2022-жылга, аталган тармакка план 95181,7 миң сомго план такталып, бюджеттик каражаттын чыгымы 82631,0 миң сомго аткарылып, такталган планга салыштырмалуу 12550,7 миң сомго аз, же 86,8 %га аткарылган.

**2022 жылдын Ноокен финансы башкармалыгынын казналыктын “Башкы китептин балансынын” жыйынтыкталган отчетун түзүүнүн сверкасы жүргүзүлдү.**

Текшерүү жүргүзүү маалында Ноокен финансы башкармалыгынын казына бөлүмүнүн башкы китептин “Жаңылыш түшкөн каражат-Б жана С” счетунда 01.01.2022 жылга калдык калган эместиги такталган.

**Республикалык бөлүштүрүлгөн ресурстары боюнча:** 2022 жылы ачылган кредиттер 1 482 948,5 миң.сом түзгөн. Кассалык чыгымдар 1 482 948,5 миң.сом түздү. Жылдын жыйынтыгында республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик мекемелер касс-планга өткөнүнө байланыштуу, иштетилбеген калдыктар автоматтуу түрдө КРФМнин Борбордук казынасы бюджеттик мекемелердин счетунан алып койгон.

**Активдер жана милдеттенмелер менен операциялар (республикалык бюджет):** 2022 жылдын ичинде 188 200,9 миң.сом кредиттер ачылган, кассалык чыгымдар 188 200, 9 миң.сом түздү, республикалык бюджетте кайтарылуучу калдыктар аныкталган жок. Ноокен райондук бюджеттик мекемелердин “Бюджеттик каражаттын сметасынын аткарылышы” (форма №2) берилген отчеттунун негизинде.

**Жергиликтүү бөлүштүрүлгөн ресурстары боюнча:** каржылоо жана кассалык чыгымдар 245 097,8 миң.сомду түздү. Жергиликтүү бюджеттен каржыланган бюджеттик мекемелердин “Бюджеттик каражаттын сметасынын аткарылышы” (форма №2) берилген отчеттунун негизинде.

**Жергиликтүү бөлүштүрүлбөгөн ресурстары боюнча:** 2022 жылдын башына калдыктар 113 580,8 мин.сом тузгон, трансферттер менен активдерди сатуу жана кирешелер 440 120,2 миң.сом түздү, жергиликтүү бюджеттен чыгымдар (каржылоо)

436 516,6 миң.сом түзгөн. 2023 жылдын 31 декабрына калдыктар 117 184,4 миң.сомду түздү. Маалымат КЭК “Жергиликтүү бөлүштүрүлбөгөн” менен далилденген.

**Жергиликтүү бюджеттен тышкары ресурстар (атайын каражат):** Жылдын башына калдыктар 5 735,0 миң.сом түзгөн, киреше 34 939,3 миң.сомду түздү, чыгаша 34 050,1 мин.сом болгон, жылдын акырында калдыктар 6 624,2 мин.сомду тузду. Атайын каражаттын сметасынын аткарылышы” (форма №4) жергиликтүү мекемелердин берилген отчеттунун негизинде.

Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кассалык аткарылышы автоматташтырылган программада жүргүзүлөт. Бардык бюджеттик мекемелердин киреше жана чыгаша операциялары финансы башкармалыгы менен байланышсыз түрдө интернет-байланыш аркылуу, электрондук санариптик кол коюу жолу менен жүргүзүлөт. Борбордук казыналыктын 2017-жылдын 22-июнундагы №05-04-5/7007 сандуу катынын негизинде бюджеттик мекемелерден чыгаша операцияларды жүргүзүү үчүн кагаз түрүндөгү табыштамаларды (заявка), төлөө тапшырмаларын, келишимдерди жана башка документтерди талап кылуусу токтотулган. Чыгашалар бюджеттик мекемелердин эсептеринде болгон калдыктарга ылайык жана сметалык лимиттердин негизинде жүргүзүлөт.

**2022-жылдын бюджеттик мекемелердин балансына №2, №4 формадагы отчеттордун түзүлүшүнүн тууралыгы үчүн салыштыруу жүргүзүүдө:**


бюджеттик мекемелердин бекитилген, такталган жана кассалык көрсөткүчтөрүндө айырмачылыктар жок жана талаптарга жооп бере тургандыгы аныкталган. Толтуруу боюнча экономикалык классификациясы, колу, мөөрү, уюмдун аталышы толугу менен көрсөтүлгөн.

**2022-жылы бюджеттик мекемелердин балансына №2, №4 формадагы отчеттордун түзүлүшүнүн тууралыгына тандалма текшерүү жүргүзүүдө:**

**Атайын каражаттар боюнча**: №5 Тиркеменин акча каражаттарынын кириштелиши жана чыгышталышы боюнча маалыматтар атайын каражаттардын чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө отчеттун №4 формасынын маалыматтарына барабар. Атайын каражаттар боюнча аткаруу отчетунун №4 формасынын иш жүзүндөгү чыгашалары Арал жана Шайдан айыл өкмөттөрү боюнча бухгалтердик балanska түшүнүк каттын №7 тиркемесиндеги маалыматтарга барабар.

**Бюджеттик каражаттар боюнча**: Бүргөндү жана Достук айыл өкмөттөрү боюнча бюджеттик каражаттардын чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө отчеттун №2 формасын бухгалтердик баланстын тиркемелери менен тандалма жолу менен салыштырганда маалыматтар дал келүүдө, №5 тиркеменин кассалык чыгымдары, Түшүндүрмө каттын №4 тиркемеси №2 Форма боюнча кассалык чыгымдарга барабар, иш жүзүндөгү чыгашалар №2 Формалар №9,12,13 жана № 7 Тиркемедеги түшүнүк каттардын маалыматтарына барабар.


2022-жылы казыналыктын жылдык балансы боюнча жалпы 2 058 360,9 миң сомдук салык жана салыктык эмес кирешелер келип түшкөн. Анын ичинен республикалык бюджетке 1 696 843,3 миң сом, жергиликтүү бюджетке 361 517,6 миң.сом чегерилген. Активдерди сатуудан жергиликтүү бюджетке 3245,7 миң. сом акча каражаты келип түшкөн.




2022-жылы республикалык бюджеттен 35 756,0 миң сомдук теңдөөчү трансферт жана 42846,5 миң сомдук максаттуу трансферт бөлүнгөн.

2022-жылы республикалык бюджеттен каржылануучу мекемелердин жалпы чыгашалары 1 671 149,3 миң сомду түзгөн. Жергиликтүү бюджеттин жалпы чыгашасы 436 516,6 миң сомду түзгөн.

***Жергиликтүү бюджеттин чыгашаларынын бөлүнүшү:***




Республикалык бюджетте турган мекемелердин атайын каражаттарынын калдыгы 2022-жылдын 1-январына 12 534,6 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 77 131,4 миң.сом түшүп, 72 762,8 миң сом чыгымдалып жылдын аягына 16 903,2 миң сом калдык калган.

Республикалык бюджетте турган мекемелердин депозиттик эсептеринде жылдын башында 996,5 миң сом калдык бар болгон. Жыл ичинде 9532,3 миң сом түшүп, 8711,3 миң.сом кайтарылып жылдын аягына 1817,5 миң.сом калдык калган.

Жергиликтүү бюджетте турган мекемелердин атайын каражаттарынын калдыгы жылдын башына 5 734,9 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 34 939,3 миң сом түшүп, 31 281,4 миң сом чыгымдалып, жылдын аягына 9 392,8 миң сом калдык калган.

Жергиликтүү бюджетте турган мекемелердин депозиттик эсептеринде жылдын башында 9 313,5 миң сом калдык бар болгон. Жыл ичинде 18 769,7 сом түшүп, 19 508,1


миң сом кайтарылып, жылдын аягына 8 575,1 миң сом калдык калган.

Финансы башкармалыгы менен райондук салык башкармалыгынын ортосунда түшкөн кирешелер боюнча ай сайын акт түзүлгөн. Түзүлгөн актыларда айырмаларга жол берилген эмес.


Ашыкча төлөнгөн салыктарды бюджеттен кайтаруулар райондук салык башкармалыгынын №12 жана №13 формасындагы корутундулардын (заключение) негизинде жүргүзүлгөн. Ал эми салыктык эмес төлөмдөрдөн туура эмес төгүлгөн акча каражаттары төлөөчүлөрдүн кат жана арыздарынын негизинде тактоолор жүргүзүлгөн. Аткарылган корутундулардын эсебин алып баруу үчүн атайын журнал ачылган.

Бюджеттик мекемелердин накталай чыгашалары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 28-сентябрындагы №131 буйругу менен бекитилген «Бюджеттик каражаттарды алуучулар» төлөө картасын чыгарууну уюштуруу жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча иш тартиби жөнүндөгү” жобого ылайык жүргүзүлгөн. бүгүнкү күнгө алганда Ноокен финансы башкармалыгы тарабынан жалпысынан 36, республикалык бюджетте турган 27 жана жергиликтүү бюджетте турган 9 мекемелердин Карта “ПБС” алуучу счеттору жабылган .

**Накталай акчанын алуунун 2019-2022ж.ж. жалпы анализи**




ал эми жергиликтүү бюджеттен каржыланган мекемелердин корголбогон беренелерден жумшалган накталай акча каражаттарынын чыгымы – 4806,2 миң сом болгон. **Накталай акчанын алуунун 2019-2022ж. Жергиликтүү бюджеттин анализи**




Анализде көрүнгөндөй накаталай акча алуу чыгымдары башка жылдарга салыштырмалуу азайган жана накталай эмес акча каражатты жүргүзүүгө иш аракеттер жүрүп жатат.

Такталбаган казыналык эсептеринде 2023-жылдардын 1-январына карата калдык болгон эмес. Жыл ичинде бул эсептерге келип түшкөн каражаттар такталып тиешелүү эсептерге которулган.

2022-жылы Ноокен райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнөн аткарууга (САКБ) токтом келип түшкөн эмес.

Финансы башкармалыгына бюджеттик мекемелер тарабынан айлык, кварталдык жана жылдык Ф№2, Ф№4 жана "Бюджеттик каражаттарды алуучулар» төлөө картасынын отчеттору тапшырылат. Аталган отчеттордун негизинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндө жалпы отчеттор түзүлүп, Борбордук казыналыкка автоматташтырылган программа аркылуу тапшырылат.

Бюджеттик мекемелердин финансы башкармалыгына тапшырган Ф№2 жана Ф№4 отчетторду Борбордук казыналыкка тапшырылган отчеттору менен тандалма жолу менен салыштырганда айырмачылык аныкталган жок.

Ноокен башкармалыгында республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин аткарылышы жөнүндөгү отчеттор атайын папкаларга тигилген.

2022-жылда COVID оорусуна каршы күрөшүү боюнча республикалык бюджеттен Ноокен районундагы саламаттык сактоо мекемелерине жалпысынан -1 523,5 миң сом келип түшкөн жана келип түшкөн каражат толугу менен өздөштүрүлгөн. Аталган каражаттар саламаттык сактоо мекемелеринде COVID менен ооруп түшкөн жарандарды дарылаган медициналык кызматкерлердин үстөк айлык акысына 317,0 миң сом (21111300) төлөнүп берилген жана 938,0 миң сом (22171100) (медикамент) дары-дармектерге, 110,0 миң сом (22221200) чарбалык чыгымдар, 158,4 миң.сом (31112390) капиталдык оңдоого чыгышталган.

**Ноокен райондук жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүн аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен аныкталган финансылык бузуулар боюнча жыйынтыктоо:**

Ноокен районунун социалдык-экономикалык өнүүгүсүнө жана 2022-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгында жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпысынан – **8795,6 миң. сомдук** финансылык четтөөлөр (бузуулар) аныкталды, анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон финансылык бузуулар **7159,5 миң сом**, аудит учурунда ордуна коюлганы **1786,8 миң** сом (932,0 миң сом бюджетке, 855,8 миң сом мекемеге), ордуна коюлбаганы **5372,7 миң сом**, бузуулардын классификатору боюнча:

- **(110105)** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун туура келбеши (киреше булагын туура эмес пландоо) **2367,7 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок.

- **(210201) –** Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү боюнча, алар боюнча туумдардын жана айып пулдарды эсептөө жана төлөө боюнча контролду жүргүзүү боюнча чаралардын көрүлбөшү (бюджетке жана СФ кошумча эсептөөлөр) **385,6 миң сом**, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **165,1 миң** сом бюджетке калыбына келтирилген, **220,5 миң** сом ордуна коюлган жок;

- **(210305)** - Бюджетке милдеттүү төлөмдөрдү чегербөө же толук эмес чегерүү **(**Салыкка, СФ кошумча эсептөөлөр) **52,4 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда толук бюджетке калыбына келтирилди;

- **(210403) -** Тиешелүү тартипте каражаттарды чегерүүнүн тартибин бузуу менен сарпталган каражаттар **135,2 миң** сом, толук орлдуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- (230108) – Мамлекеттик органдардын бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун эрежелерин бузуу менен кабыл алынган чечимдер **63,6 миң** сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **(230207)** – курулуш иштеринин көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу жалпы **2437,3 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **111,4 миң** сом ордуна коюлган, **2325,9 миң сом** ордуна коюлган жок;

- **(230303)** эмгек акынын нормадан ашыкча төлөнүшү **706,1 миң** сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **( 230305)** Товардык материалдык баалуулуктардын нормадан ашыкча чыгашалары **866,4 миң** сом, ордуна коюлууга жатпайт;

- **(230306)** – товардык материалдык баалуулуктардын, акча каражаттарынын номадан ашыкча запастары **387,9 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда мекемеге калыбына келтирилди;

- **(310104)-** Негизги каражаттардын кириштөө тартибин бузуу, белгиленген тартипте бухгалтердик эсепке алынбай калган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктөрдүн болушу **506,2 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **506,2 миң с**ом мекемеге ордуна коюлган;

- **(310105)** – Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражатынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) **13,5** миң сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда мекемеге толук ордуна коюлган;

- **(310106)** – Тастыктоочу документтери жок туруп, мүлктү жана товардык материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу жана мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү мыйзамга ылайыксыз эсептен чыгаруу **75,1 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган жок;

- **(310204)-** Ижара келишимин бузуу **343,3 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **100,0 миң** сом мекемеге калыбына келтирилген, **243,3 миң** сом бюджетке калыбына келтирилди;

- **(410205)** Эмгек акы,сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөөдөгү бузуулар, ашыкча төлөөлөр **278,8 миң** сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда **64,7 миң с**ом мекемеге, **142,3 миң** сом бюджетке калыбына келтирилди, **71,8 миң сом** ордуна коюлган жок;

- **(410215)** Дебитордук карызды бухгалтердик эсепке алуудагы бузуулар **176,5 миң сом,** толук ордуна коюлууга тийиш, ордуна коюлган;

**Ноокен районундагы бюджеттик мекемелер, жергиликтүү өзү-өзү башкаруу органдары жана муниципалдык ишканалар боюнча төмөндөгүдөй аныкталды:**

**1. Ноокен райондук мамлекеттик администрациясы боюнча** (Райадминистрация башчысы-аким Ишенбеков Т.И., башкы бухгалтер Эшиев О.)

Ноокен райондук мамлекеттик администрациясында жалпы Ноокен район боюнча өкмөттөр арасында 2022-жылда электрэнергиясын пайдалануу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.06.2018-жылдагы №208 жана 07.08.2007- жылдагы №316 «Электр, жылуулук энергияларынын лимиттеринин бекитилиши» боюнча токтомдорунун аткарылышы боюнча аудит жүргүзгөндө төмөндөгүдөй болуп аныкталды:

2022- жылга 5888,4 мин кВт- саат лимит чектелген болсо, жыл ичинде 5454,1 мин кВт- саат сарпталган, натыйжада 673,9 мин кВт- сааттык электр энергиясы үнөмдөлгөн, ашыкча чыгымдалган **электр энергия 239,6 миң кВт-саат суммасы 831,2 миң сомду** түзөт. Ашыкча чыгымдоого жол берген айыл өкмөттөр Ноокен айыл өкмөттү 129,7 миң кВт-саат суммасы 412,3 миң сом; Момбеков айыл өкмөттү 60,8 миң кВт-саат суммасы 230,9 миң сом; Достук айыл өкмөттү 49,1 миң кВт-саат суммасы 188,1 миң сом; Аудит мезгилинде Момбеков айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Ч.Төлөновадан; Ноокен айыл өкмөтүнүн финансы экономика

бөлүмүнүн башчысы Кабыл кызы Нурзада, Достук айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Жусупжан кызы Гүлзинадан түшүнүк кат алынды, өз түшүнүк каттарында ашыкча сарпталган электр энергия айыл өкмөттө кошумча бала бакча жана мектеп ишке киргендигине байланыштуу жана айылдарда түнкү жарыктандыруу, мектеп ашканасы ишке берилгендине байланыштуу лимитке кирбей калгандыгын билидирди.

**Тыянак 1.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.06.2018-жылдагы №208 жана 07.08.2007- жылдагы №316 «Электр, жылуулук энергияларынын лимиттеринин бекитилиши» боюнча Ноокен райондук мамлекеттик администрациясында 2022-жылда электр энергиясын пайдалануу боюнча токтомдорунун аткарылышы боюнча иш алып барылбаган, натыйжада жалпы Ноокен району боюнча Өкмөттөр арасында электроэнергия беренеси боюнча 2022-жылда **831,2** миң сомдук ашыкча жумшоолорго жол берилген.

**Сунуш 1.1.** Электр энергиясына болгон керектөөнүн ченемдерин тактоо жана ар жылга электр жана жылуулук энергияларынын керектелүүчү өлчөмдөрүн так эсептөө менен керектөө ченемдери белгиленсин.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 20.06.2018-жылдагы №208 жана 07.08.2007- жылдагы №316 «Электр, жылуулук энергияларынын лимиттеринин бекитилиши» жөнүндөгү токтомдун эрежелери сакталсын жана белгилеген лимиттен ашыкча жумшоолорго жол берилбесин.

**2. Ноокен районунун өнүктүрүү фондусу боюнча** (Фонддун аткаруучу директору Эшенкулов Ж., башкы бухгалтери Усенов К.) 2022-жылдын 1-январынын 2022-жылдын 31-декабрына чейинки аралыгына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча каржы бузуулары аныкталбады.

**3. Кочкор-Ата шаардык мэриясында (Мэр Жумаев А.Т., финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Мамбеткулова Ж.А.)**

**Табуу:1:3.** Жоопкерчиликке берилген акча каражаттар боюнча 01.01.2022-жылга мэриянын мурдагы соц кызматкерлери Тагайбек к Алинанын жооперчилинде 1950 сом, мурдагы завхоз Т.Усенбаевнын жоопкерчилигинде 6900 сом, юрист Жолдошов Канатбектин жоопкерчилинде 4408 сом, жалпысынан **13,3 миң сом** азыркы мезгилге чейин отчету же болбосо акчасы кайтарылбай турат. Ошондуктан тез аранын ичинде жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигинен 13,3 миң сом өндүрүлүүсү зарыл.

**Сунуш:1:3.** Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин 30.12.2013-жылдагы №221-п буйругу менен бектилген «Бюджеттик мекемелердин бухгалтердик эсеби жана отчеттуулугу боюнча ченемдик укуктук актыларды жана методологиялык документтерди бекитүү тууралуу» жобосунун негизинде, жоопкерчиликке берилген **13,3 миң сом** тийиштүү жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигинен өндүрүлүүсү зарыл.

**Табуу:1:4.** 2018-жылдын 31-январ айында Кочкор-Ата шаар мэриясы менен «Борс» ЖЧК ортосунда №16 келишим түзүлүп тендер болгон, келишим боюнча сел каналдарын тосуу үчүн темир труба алуу, суммасы 419,6 миң сом болгон. Келишим боюнча 40% которуу болгон, келишимдин негизинде 167,8 миң сом ЖЧК ”Борс” которулган, андан кийин келишим бузулуп, ЖЧК “Борс” ишкана Кочкор-Ата мэриясына 114,6 миң сом которгон, которулбай калган айырма сумма 53,2 миң сом “Борс” ЖЧК ишканасы тарабынан азыркы мезгилге чейин төлөнбөй келет. Ошондуктан тез аранын ичинде мэрия жетекчилери бюджеттик каражат 53,2 миң сомду “Борс” ЖЧК ишканасы тарабынан өндүрүүсүн талап кылуу керек.

**Сунуш:1:4.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген “Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча” жобону бузууга жол берилбесин. “Борс” ЖЧК ишканасы тарабынан 2018-жылдын январь айынан азыркы мезгилге

чейин төлөнбөй келген бюджеттик каражат **53,2 миң сом** "Борс" ЖЧК ишканасы тарабынан Кочкор-Ата шаар мэриясына өндүрүлүүсү зарыл. Өндүрүлбөй калган учурда укук коргоо органдарына тиешелүү документтер менен өткөрүп берүүсү сунушталат.

**Табуу 1.5.** Аудиттин жүрүшүндө Жалал-Абад шаардык Капиталдык курулуш департаментинде Кыргыз Республикасынын 03.04.2015-жылдагы №72 «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү» мыйзамынын талаптарын ишке ашыруу максатында тоорук өткөрүлүп, келишим түзүлүп, аудит убагында келишимдеги гарантиялык милдетти өз убагында аткарбастан, келишимде көрсөтүлгөн 13-пунктун 2-беренесинде гарантиялык милдетти өз убагында аткарбаган "Аткаруучуларга" буйрутмачы тарабынна эч кандай чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуш 1.5:** Департаментте мамлекеттик сатып алууларды уюштурууда Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 5-глава, 47-беренесинин талаптарын так аткарылсын.

**Табуу 1.6:** Кочкор-Ата шаар мэриясынын 2023-жылдын 04-август № 227 буйругунун негизинде мэриянын балансында турган негизги жана айланма каражаттарга түзүлгон курамда инвентаризациядан өткөрүлгөн, натыйжада 11 жооптуу адамдын жооопкерчилигиндеги жооптуу материалдарды жана инвентарларды инвентаризациядан өткөргөндө, товардык материалдык баалууктардан жетишпестик чыгуу аныкталган жок, бирок 3 бала бакчанын кампа башчыларынын жоопкерчилигинен 11937 сомдук тамак аштан жетишпестик чыгуу аныкталды жана ашыкча чыгуу 15078 сом аныкталды. Аудит мезгилинде **11937 сомдук жетишпестик** жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигинен натуралай өндүрүлдү,ошондой эле ашыкча чыккан 15078 сомдук тамак ашка киреше акт түзүлүп жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигине кереше болду.

**Тыянак 1.6:**. Кочкор-Ата шаар мэриясынын жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигиндеги тамак аштан жетишпестик **11937 сом** толугу менен ордуна коюлду, ашыкча чыккан 15078 сом жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилигине киреше болду.

**Сунуш 1.6:** Кочкор-Ата шаар мэриясынын кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген "Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетторду жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык материалдык баалууктардан жана тамак аштан жетишпестикке жана ашыкча чыгууга жол берилбесин.

**Табуу 1:7**. 2022-жылдын декабрь айында Кочкор-Ата шаардык кеңештин төрагасынын №01-5/111 токтомунун жана Кочкор-Ата шаар мэринин №442 буйругунун негизинде Кочкор-Ата мэриянын 21- аппарат кызматкерлерин бир айлык эмгек акы өлчөмүндө **486,9 миң** сом жылдын жыйынтыгы менен сыйлоо (премия) берилген.

**Тыянак 1:7.** Кочкор-Ата шаардык кеңештин төрагасынын №01-5/111 токтомунун жана Кочкор-Ата шаар мэринин №442 буйругунун негизинде Кочкор-Ата мэриянын 21- аппарат кызматкерлерин бир айлык эмгек акы өлчөмүндө 486,9 миң сом жылдын жыйынтыгы менен сыйлоо (премия) берилип, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптары бузулган.

**Сунуш 1:7.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптары сакталсын жана негизсиз сый акы төлөөгө жол берилбесин. Негизсиз төлөнгөн **486,9 миң сомдук эмгек акылар бюджетке кайтарылсын.**

**Табуу.** Кочкор-Ата шаарынын мэриясындагы утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **1473,8 миң сомдук** курулуш иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатуулар аныкталды, анын ичинен; тийешелүү подрядчылардын эсебинен калыбына келтириле турган жумуштар **1473,8 миң сом.**

**Сунуш:**

1. Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **1473,8 миң** сом кошуп жазуулар төмөндөгү тийиштүү тараптардан калыбына келтирилсин:

“ПКК Бая-Жан” ЖЧКсынан **34,8 миң** сом, “Подрядчы” “Бренд строй Компани” ЖЧКсынан **1067,8 миң сом,** Подрядчы” “Ихтур-Юг” ЖЧКсынан **20,2 миң сом,** «Ош Нур Жол Строй» ЖЧКсынан **39,3 миң сом,** «Снайпер ЛЮКС» ЖЧКсынан **104,8 миң сом,** «Ош Нур Жол Строй» ЖЧКсынан **206,9 миң** сом.

2. Жогорудагы сунуштарды “Подрядчыларга” өз убагында аткартуу жана жумуштардын аткарылгандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн жетекчилигине маалымат берүү жагы Кочкор-Ата шаарынын мэриясынын жетекчилигине милдеттендирилсин.

3.Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**4. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Ноокен башкармалыгында** (Башкармалыктын начальниги Маматкулов А.А., жетектөөчү адис Оморов Э.А., казына башчысы Уразалев А.А..) 2022-жылдын 1-январынын 2022-жылдын 31-декабрына чейинки аралыгына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы жыйынтыгы боюнча каржы бузуулары аныкталбады.

**5. Кочкор-Ата шаардык мэриясынын алдындагы “Кочкор-Ата тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасында (**жетекчиси Маматов Э., эсепчиси Курбатова Г.) **.**

**Табуу:1:1.** Кыргыз республикасынын 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 31-беренесинин 14-пунктунун талаптарына ылайык, Кочкор-Ата шаардык Кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XII-сессиясынын 2022-жылдын 25-февралындагы №01-05/64 сандуу токтомунун негизинде «Кочкор-Ата шаардык санитардык тазалоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасынын кызматкерлерине 2022-жыл үчүн тамак-аш үчүн 706360 сом чыгымдалган, чыгымдалган сумма таркатуу ведомосттун негизинде кызматкерлердин иштеген күнүнө карата күнүнө 150 сомдон берилген. Бирок эмгек акы эсептөө китебине түшкөн эмес. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17- октябрындагы Салык Кодексинин 176-статьясынын 1-пунктунун негизинде киреше салыгы 10% суммасы 70,6 миң сом кармалбай калган.

**Тыянак:1:1.** «Кочкор-Ата шаардык санитардык тазалоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишкана кызматкерлерине берилген тамак-аш үчүн 706360 сом, муниципалдык ишкананын эмгек акы эсептөө китебине түшкөн эмес. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17- октябрындагы Салык Кодексинин 176-статьясынын 1-пунктунун негизинде киреше салыгы 10% суммасы 70,6 миң сом кармалбай калган.

**Сунуш:1:1.** «Кочкор-Ата шаардык санитардык тазалоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишкана жетекчилери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 17-октябрындагы Салык Кодексинин бузууга жол берилбесин. Аудит учурунда кошумча эсептелинген **70,6 миң сомдук** киреше салыктары бюджетке кайтарылып калыбына келтирилсин.

**6. “Масы” айыл өкмөтү боюнча (башчысы Нарматов А.Э., ФЭБ башчысы Калматов К.А.).**

**Табуу, тыянак 1.1.** Учурдагы аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 талаптары аткарылбай кызмат сапарында жүргөн төмөндөгү кызматкерлердин сапарда жүргөндүгү сапар чыгымдары төлөнүп берилгендиги эсепке алынбай эмгек акылар толук түрдө эсептелинип төлөнүп берилген:

| №пп | Кызматкердин Ф.А.А. | Буйрук № | күндөрү | Сумма, сом |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Женишбек кыз Алтынай | 70 от.01.08.22 | 2 | 636,4 |
| 2 | Хажибаева Дилафруз | 70 от.01.08.22 | 4 | 1272,7 |
| 3 | Калматов Кылычбек | 74.04.08.22. | 12 | 3833,3 |
| 4 | Дарманкулова Шербет | 71 от.02.08.22. | 3 | 984,8 |
| 5 | Давитбеков Семетей | 73.от.04.08.22. | 4 | 1272,7 |
| 6 | Маманов Байболот | 79.от.02.09.22. | 9 | 2924,2 |
| 7 | Нарматов Азамат | 80.от.05.09.22. | 9 | 2088,7 |
| 8 | Муминов Рашид | 82 от.13.09.22. | 2 | 636,4 |
| 9 | Алибаев Абдуманнап | 86.от.28.09. | 1 | 318,2 |
| 10 | Нурумбетов Алмидин | 89.от.03.10.22. | 6 | 2000,0 |
| 11 | Акматова Даргул | 99.18.10.22. | 3 | 1016,7 |
| 12 | Амракулова Санавар | 101.от.20.10.22. | 2 | 666,7 |
| 13 | Култаев Мирбек | 107.от.28.11.22. | 2 | 700,0 |
| 14 | Оморалиев Бактыбек | 112.от.12.12.22. | 5 | 1590,9 |
| 15 | Алимбеков Асанбой | 111.от.07.12.22. | 5 | 1590,9 |
| 16 | Бурканов Уланычбек | 115.от.16.12.22. | 1 | 318,2 |
| 17 | Асибаев Замирбек | 116.от.21.12.22. | 5 | 1590,9 |
| | Бардыгы : | | | 23441,6 |

Жогорудагы таблицада көрүнүп тургандай аудит кармаган мезгил аралыгында кызматтык сапарга чыккан күндөрүнө сапар чыгымы толук төлөнгөнүнө карабастан **23,4** миң сом эмгек акыга кошулуп эсептелип берилгендиги аныкталган.

**Сунуш №1.1.** Эмгек акыларды эсептөө жана төлөө Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун негизинде жүргүзүлсүн. Эмгек акы эсептөөдө негизсиз ашыкча төлөнгөн транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн **23,4 миң сом** тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлсүн.

**Табуу, тыянак:1.2.** Аудит камтыган 2022-жылы Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын

талаптарынын аткарылышына шайкештик аудитин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын 27.10.2021-жылдагы № 125 “КР Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын 37-беренесинин 2-пункту “кызматчынын мамлекеттик жарандык кызматта жана муниципалдык кызматта туруусунун чектик курагы 65 жашты түзөт” деп көрсөтүлгөн талаптары сакталбастан, айыл өкмөтүндө кызматкерлеринен мыйзамда көрсөтүлгөн чектик курактан ашкан 1 жетектөөчү адис кызматкери (А. Курбаналиев 68 жаш) иштегендиги аныкталган.

**Сунуш: 1.2.** Муниципалдык кызматкерлердин чектик курагы, Кыргыз Республикасынын 27.10.2021-жылдагы № 125 “КР Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын талаптарына шайкеш келтирүү сунушталат.

**Табуу, тыянак:1.3.** Аудит камтыган мезгил ичинде, Масы айыл өкмөтүндө Кыргыз Республикасынын 27.10.2021-жылдагы № 125 “КР Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын 10-беренесинде көрсөтүлгөн Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервинен бош кызмат орундарына кабыл алуулар жүрбөй 3 кызматкер кызмат ордуна убактылуу аткаруучу болуп кабыл алынып иштеген, алар: Ш. Дарманкулов, М. Нарбаев, Г. Кандарова. Анткени, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесинде «Кызматкерлерди вакантык кызмат боюнча милдеттерди аткаруучу кылып дайындоого жол берилбейт»,-деп көрсөтүлгөн.

**Сунуш: 1.3.** Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодксинин жана 27.10.2021-жылдагы № 125 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын талаптары сакталсын.

**Табуу, тыянак 2.1.** Аудит жүрүшүндө 2022-жылы 13207,0 мин.сом дебитордук айлануулар жүргүзүлгөндүгү, ф-2 жылдык отчет боюнча 13207,0 миң сомдук анык чыгымдар көрсөтүлгөн, ал эми аудит жүрүшүндө баары болуп 13083,7 миң сомдук тастыктоочу документтер бар экендиги аныкталган, же болбосо **123,3 миң сомдук** акча каражатынын **тастыктоочу документтери алынбаганы,** жылдын аягына дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөнү аныкталган, натыйжада Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун 3.2 главасынын 311-бөлүмүнө ылайык акча каражатын төлөө дебитор карыз катары таанылары көрсөтүлгөн, ал эми айыл өкмөтүнүн эсебинен чыгымдалган **123,3 миң сом** акча каражаты жылдын аягына дебитордук карыз катары таанылбай дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөндүгү аныкталган.

**Сунуш 2.1.** Мындан кийин бухгалтериялык аласа бересе отчеттору Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. **123,3 мин сомдук**, дебитордук карыздары тийиштүү тартипте бюджетке кайтарылсын.

**Табуу 3.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы “ МТБ (ТМЦ) боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнун тартиби жөнүндө Нускаманы бекитүү” боюнча № 694-токтомунун аткарылышынын аудитинде жылдык баланстын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы жана отчеттук маалымат боюнча нормативден ашык:

-2022-жылы, “Отун (таш көмүр)” **387,9 миң сомдук** (1937,1/360*120=645,1-1033,0) запасы аныкталган, жалпы аудит камтыган мезгил ичиндеги нормативден ашык запастардын суммасы **387,9 миң сомду** түзгөн.

**Сунуш 3.1.** Аудиттин жүрүшүндө 2022-жылдын жыйынтыгы менен нормативден ашык таш көмүрдүн запасынын **387,9** миң сомдук суммасы айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 10-августундагы №177-б буйругун негизинде № 05 сметалык чыгымдоолорго өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу билдирме (уведомление) аркылуу 2023-жылдын 3-кварталынан зачетко алынгандыгы белгиленсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнун тартиби жөнүндө Инструкцияны бекитүү» боюнча №694-токтомунун талаптары аткарылсын. Баалуулуктардын жылдын аягында нормативден ашып калууга жол берилбесин.

**Табуу, тыянак 4.1.** Аудит жүрүшүндө бул берене боюнча аласа береселери такталып жыйынтыгында 2022-жылдын январына тиешелүү документтердин негизинде (акт сверкалар) дебитордук карыз жана кредитордук карыздар жок экендиги аныкталды, ал эми 2022-жылы бул берене боюнча 13696,1 миң сом дебитордук айлануулар жүргүзүлгөн, жыл ичинде 13696,1 миң сомдук отчет алынганы, атайын отчетунда көрсөткөн, ал эми аудит жүрүшүндө аталган беренеден баары болуп 13220,1 миң сомдук тастыктоочу документтер бар экендиги аныкталды, же болбосо 476,0 миң сомдук акча каражатынын тастыктоочу документтери алынбаганы, жылдын аягына дебитордук карыз катары көрсөтүлбөгөнү аныкталып, аудиттин жүрүшүндө керектүү бухгалтердик документтер (счет фактура, бүткөрүлгөн жумуштардын акты-акт выполненных работ) калыбына келтирилип бухгалтердик балanska тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди.

**Сунуш 4.1.** Мындан ары, бухгалтериялык аласа берese отчеттору Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу тыянак 5.1.** 1). Конкурс 2202163179700001. конкурс 2022-жылдын 16-февралында өткөрүлгөн. Лот-1 кварталга балдар бакчасына тамак-аш продукцияларын сатып алуу, суммасы **2994,5 миң сом**. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган. Атап айтканда: Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 1-беренесинде көрсөтүлгөн:- ***берүүчүлөргө (подрядчыларга) карата айкындык, ачыктык, мыйзамдуулук жана калыстык;- сатып алууларды ишке ашыруу процессинде берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) ортосунда катышууну кеңейтүү жана атаандаштыкты өнүктүрүү;- мамлекеттик сатып алууларды ишке ашырууда берүүчүлөр (подрядчылар) үчүн тең жана адилет шарттарды түзүү,***-деген принциптери жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын 14-беренесиндеги 2-1 пунктунда көрсөтүлгөн:- конкурстук документацияны иштеп чыгууда сатып алуучу уюм бир жолку сатып алынуучу көлөмдү, бир түрдүү (бир типтүү) товарлардын (жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн) санын максималдуу атаандаштыкты камсыздоочу эки же андан ашык лотко бөлүнөт,-деген принциптери сакталбаган. Анткени аталган конкурста кеминде ***Лот 1- мөмөлөр, Лот 2-Жемиштер, Лот3- картошка, Лот 4-Сабиз, Лот 5- Эт азыктары, Лот 6-Сүт азыктары, Лот 7-Макарондор*** ж.б тамак аш азыктары бириктирилип бир тизмек боюнча гана өткөрүлгөн. Анткени Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2022-жылдын 17-майында №85-буйргу менен бекитилген “Электрондук сатып

алууларды өткөрүү боюнча” Жобонун 49 пунктунда: *сатып алуулар бөлүмү ар бир сатып алууларды кеңири техникалык мүнөздөмөлөрүн көрсөтүү менен өз-өзүнчө Лотторго бөлөт,*-деп көрсөтүлгөн.

2. Конкурс 220406326056215. конкурс 2022-жылдын 6-апрелинде өткөрүлгөн. Масы айыл өкмөтүндө намазкананы оңдоп түзөөдөн өткөрүү, суммасы **25,8 миң сом**. Аталган конкурс мыйзам талаптары сакталбастан өткөрүлгөндүгү аныкталган, себеби, мамлекеттик бюджеттен диний багыттагы чыгымдоолор каралбаган. Анткени, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинде: ***Дин жана диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган,***-деп көрсөтүлгөн.

3. Конкурс 221415327141902. конкурс 2022-жылдын 15-апрелинде өткөрүлгөн. Масы айыл аймагындагы Барпы көчөсүндөгү мечиттин навесин куруу, суммасы 37,8 миң сом. Аталган конкурс мыйзам талаптары сакталбастан өткөрүлгөндүгү аныкталган, себеби, мамлекеттик бюджеттен диний багыттагы чыгымдоолор каралбаган. Анткени, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинде: ***Дин жана диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган,***-деп көрсөтүлгөн.

4). Конкурс 220404325553904 конкурс 2022-жылдын 4-апрелинде өткөрүлгөн. Лот- Приобретение компьютерного оборудования. Аудиттин жүрүшүндө аталган конкурс “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын талаптарын бузуу менен өткөрүлгөндүгү аныкталган. Атап айтканда: Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелидеги № 27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн: ***мамлекеттик сатып алууларды, жүзөгө ашырууда ачыктык, калыстык, айкындуулук жана ачык-айрымдуулук,***-принциптери бузулган. Анткени жогоруда аталган сатып алууну конкурска берүүдө ноутбуктун брендтик маркасы ***Lenovo*** ,-деп көрсөтүлүп, башка конкурска катышуучулардын укугун чектеген.

**Сунуш 5.1.** Мындан ары, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын (2023-жылдын 25-июлундагы № 147 өзгөртүүлөрү менен) талаптары так сакталсын.

Муниципалдык жерлерди ижарага берүүнүн (Мамлекеттик кайра бөлүштүрүү фондунун жерлери) жана ижара суммаларын бюджетке түшүүлөрүн талдоодо төмөнкүлөр аныкталды:

**Табуу 6.1**. Масы айыл өкмөтүнүн АЧЖМФ жана өздөштүрүлгөн жерлердин ижара акысынын 2022-жылдын 1-январына 121,6 миң сомдук дебитордук карыздын болгонуна жана 2022-жылга ижарачылар менен 3067,6 миң сомго келишим түзүлгөнүнө жалпы аласа 3189,2 миң сом болгонуна карабастан, 2022-жылдагы АЧЖМФ жерлеринин такталган план көрсөткүчү 2000,0 миң сомго такталып, план **1189,2 миң сомго** азайтылгандыгы (121,6+3067,6-2000,0) аныкталган. Натыйжада 2022-жылы АЧЖМФ жерлеринин ижара акысынан 2030,0 миң сом өндүрүлүп, план тапшырмага өз учурунда тактоо киргизилбегендигине жана жасалма түрдө ижара акысынын суммасы азайтылып көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу жергиликтүү бюджетке **1159,2 миң сом** бюджетке өндүрүлбөй калган.

**Сунуш 6.1.** АЧЖМФ жерлеринин ижара акысынан **1159,2 миң сом** дебитордук карыз суммалары жергиликтүү бюджетти бекитүүдө эсепке алынсын. Ижара акыдан карыз суммалары бар ижарачыларга келишимде көрсөтүлгөн туум (пеня) эсептелип, тиешелүү бюджетке өндүрүлсүн.

Белгилеп кетчү жагдай, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер райондук мамлекеттик кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматында каттоодон өткөн эмес.

**Табуу, тыянак. 7.1.** Аудиттин жүрүшүндө Масы Жайыт комитетинин ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин талаптары сакталбай жайыт пайдалануучулардын жайыт акысы бюджетке төлөнбөй жүргөндүгү аныкталган жана 3\1 жергиликтүү бюджеттин үлүшү **52,4 миң сом** Масы

айыл өкмөтүнүн эсебине төлөндү (төлөнгөн 09.08.2023-жылдагы №19 банктык квитанция тиркелген).

**Сунуш 7.1.** Мындан ары казыналык системадан кыйгап өтүү менен чыгашаланууларга жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин талаптары сакталсын. Жайыт пайдалануучулардын төлөмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 17-майындагы № 08-2-2/5360 катында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу, тыянак № 8.1. А**удит камтыган мезгил ичинде Масы айыл өкмөтү тарабынан сапар чыгымдарына төмөнкү кызматкерлерге берилген суммаларга тастыктоочу документтердин жоктугу, азыркы күнгө чейин отчет берилбегендиги себебинен өздөрүнө ыйгарып алгандыгы аныкталган, алар: Г.Арзиева -0,7 миң сом, С. Давитбеков -0,5 миң сом .

Жогоруда аныкталган **1,2 миң сомдук** сапар чыгымынын тастыктоочу документи жок болсо да дебитордук карыз бухгалтериянын эч кандай документтеринде көрсөтүлгөн эмес, себеби бул берене боюнча эсеп алып баруу счеттору жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуш № 8.1.** Мындан ары, жоопкерчиликке акча каражатын берүү жана авансалык отчетторду тариздөө Кыргыз Республикасынын Финансы министринин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген мамлекетти башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Бухгалтердик эсептен жашырылган **1,2 миң сомдук** сапар чыгымдары тийиштүү жооптуу кызматкерлерден өндүрүлсүн.

**Табуу. 5..1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы **606,6 миң сомдук** курулуш иштеринин көлөмүн жана бааларын жогорулатуулар аныкталды, анын ичинен; аудиттин жүрүшүндө ордуна коюлганы **111,4 миң сом,** тийешелүү подрядчылардын эсебинен калыбына келтириле турган жумуштар **495,2 миң сом.**

**Сунуш 5.1.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталып, аудит учурунда калыбына келтирилбеген **495,2 миң** сомдук кошуп жазуулар төмөнкү тийиштүү тараптардан калыбына келтирилсин: “Сапат монтаж” ЖЧКсынан **43,4** миң сом, “Спутник Строй” ЖЧКсынан **451,8 миң** сом.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**7. “Масы Тазалык” муниципалдык ишканасы боюнча** (директор Макамбаев О.,Башкы эсепчиси Бакиров А.) 2022-жылдын 1-январынын 2022-жылдын 31-декабрына чейинки аралыгына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча каржы бузуулар аныкталган жок.

**8. “Арал” айыл өкмөтү боюнча (башчысы Омурзаков Н.А., ФЭБ башчысы Мамадалиев Б.О.).**

**Табуу 1.1.** 2022-жылдын 31-декабрына карата айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акысынан **494,5 миң сом** дебитордук карыз 2023-жылдын бюджетине киреше катары планга киргизилген эмес. Аудиттин жүрүшүндө планга кирбей калган 494,5 миң сомдук ижара акыдан болгон карыздар 2023-жылдын бюджетинин киреше планына кошулган, бирок өндүрүлө элек (2023-жылдын 28-сентябрындагы №01-9-1012 каты).

**Сунуш 1.1.** МКБФнын жерлери боюнча ижара акыдан жылдын аягына болгон **494,5 миң сом** дебитордук карыз суммалары жылдын ичинде күтүлгөн кирешеси катары планга кошулсун жана бюджетке толук өндүрүлсүн.

**Табуу 1.2**.Айыл өкмөтүнүн башчысынын 2022-жылдын 30-декабрындагы №312 буйругунун негизинде аппарат кызматкерлерине 160,1 миң сом 13-эмгек акы чегерилип берилген.

**Тыянак 1.2.** Айыл өкмөтүнүн башчысынын 2022-жылдын 30-декабрындагы №312 буйругунун негизинде аппарат кызматкерлерине 160,1 миң сом эмгек акы төлөнүп, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" 2022-жылдын 21-декабрындагы ПЖ№401 өзгөртүү киргизүү тууралуу Жарлыгынын талаптары бузулган. 2023-жылдын 27-сентябрындагы №8127968 квитанция менен 142,3 мин сом бюджетке кайталылды, **17,7 миң** сом кайтарыла элек.

**Сунуш 1.2**. Айыл өкмөтүнүн муниципалдык кызматкерлерине эмгек акынын чегерилишы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын шарттары сакталсын. Аудиттин жыйынтыгы менен ордуна коюлбай калган **17,7 миң** сом эмгек акыдан негизсиз төлөөлөр бюджетке кайтарылсын.

**Табуу 1.3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 "Сапар чыгымдарынын өлчөмү жана анын төлөнүшү жөнүндө" токтомунун негизинде иш сапар чыгымдарынын эсептелишине жана төлөнүшүнө жүргүзүлгөн аудитте төмөнкүлөр аныкталды. 2022-жылга такталган план боюнча 156,6 миң сом каралган болсо, кассалык чыгым 128,1 миң сомго, ал эми анык эсептелген чыгым 128,1 миң сомго аткарылып, жылдын аягында кредитордук жана дебитордук карыз болгон эмес. Аудиттин жүрүшүндө тандап алуу жолу менен текшерүү жүргүзүлүп жол кире акысынан 5,4 миң сомдук ашыкча төлөөлөр аныкталды.

**Сунуш 1.3.** Айыл өкмөтүндө сапар чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы № 471 "Кызматтык сапар чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби" жөнүндөгү токтомунун негизинде жүргүзүлсүн жана **5,4 миң** сомдук ашыкча төлөөлөр айыл өкмөтүнүн бюджетине төгүлүп калыбына келтирилсин.

**9. "Шайдан" айыл өкмөтү боюнча (башчысы Эркулов К.К., ФЭБ башчысы Джумабаева Э.А.).**

**Табуу 1.1.1.** *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтомунун "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун 19 жана 20 пункттарына ылайык* айыл-чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлери аукцион аркылуу жана конкурс аркылуу берилүүгө тийиш. Бирок 2022-жылы Шайдан айыл өкмөтүндөгү айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун 100,0 га суугат жерлери(Анын ичинен:231 контурунан-7,5 га, 218 контурунан-32,,5 га, 217 контурунан-3,9 га, 242 контурунан-23,4 га, 99 контурунан-16,8 га, 138 контурунан-5,7 га, 42 контурунан-2,5 га, 32 контурунан-1,6 га, 43 контурунан-1,8 га, 81 контурунан-4,2 га ) жана 40,0 га бак жерлери аукцион жана конкурстар өткөзүлбөстөн түз келишимдер аркылуу жарандарга берилген. Жогорудагы КБФнын жерлерин иштетүү жагын жогорудагы көрсөтүлгөн токтомдун тиешелүү пункттарынын негизинде иш алып баруу жагы жер адиси Э.Токоевге эскертилди.

**Сунуш 1.1.3.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтомунун "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү

шарттары жана тартиби тууралуу” типтүү жобосунун 19 жана 20 пункттарына ылайык айыл-чарба жерлерин аукцион жана конкурс аркылуу берилсин.

**Табуу 2.1.1**

2022-жыл ичинде, Шайдан ЖПБ нин төрагасынын эмгек акысын төлөп берүүсүн талдап аудит жүргүзүүдө, КР нын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” жана КР “Салык кодексинин ” талаптары аткарылбастан, жыл ичинде эсептелген жана төлөнгөн эмгек акыдан **10,5** миң сом камсыздандыруу төлөмдөр эсептелбей жана киреше салыгына **3,1** миң сом төлөнбөй бюджеттик жоготууларга жол берилген

**Тыянак 2.1.2.** Жыйынтыгында жыл ичинде эсептелген жана төлөнгөн эмгек акыдан **10,5** миң сом камсыздандыруу төлөмдөр жана киреше салыгына **3,1** миң сом төлөнбөй бюджеттик жоготууларга жол берилген акча каражаттары аудиттин жүрүшүндө өз ордуна коюлду.

**№ 3. Сунуш:** Мындан ары, эсептелген эмгек акыны төлөөдө, Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы № 8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын жана КР нын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” Нускамасына жана КР “Салык кодексинин ” талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Табуу. 7.1.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **202**,**3 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 7.1.**

1. Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **202,3 миң** сомдук кошуп жазуулар “Сто строй” ЖЧКсы тарабынан калыбына келтирилсин.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**10. “Сакалды” айыл өкмөтү боюнча (башчысы Осмонов А.Г., ФЭБ башчысы Турганбаева А.Б.).**

**Табуу:1.1.** Бекитилген штат бирдиктерине аудит жүргүзүүдө КР Өкмөтүнүн 05.08.2011-жыл №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндөгү” токтомунун талаптары сакталбастан ашыкча 1 штат бирдиги алынгандыгы аныкталды. Токтомдо белгиленгендей айыл аймактын административдик борбору болуп саналган калктуу пунктта жетектөөчү адистин деңгээлинде “айыл башчы” кызмат орду каралбайт деп көрсөтүлгөн, бирок айыл өкмөттүн административдик борбору Сакалды айылына айыл башчы кызматында Маткасимов А. эмгектенип жалпы 2022-жылдын 1-ноябрына чейин **219,2** миң сом эмгек акы чегерилген.

**Тыянак: 1.2.** КР Өкмөтүнүн 05.08.2011-жыл №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндөгү” токтомунун талаптары бузулуу менен 1 штат бирдиги ашыкча кармалган жана ага **219,2 миң** сомдук эмгек акы төлөнүп, бюджеттик жоготууларга жол берилген.

**Сунуш: 1.3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.08.2011-жыл №451 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу

органынын типтүү түзүмү жана штаттык санын бекитүү жөнүндөгү” токтомунун негизинде штат бирдиктери кармалсын, ашыкча штат бирдиктери кыскартылсын.

**Табуу:2.1.** Аудиттин жүрүшүндө 2022-жылга кызматтык автоунаага сарпталуучу күйүүчү-майлоочу майлардын сарпталышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында 30.04.2022-жылдагы №240 “КР мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген нормадан ашыкча 490литр (1литр 72,00т) же **35,2миң** сомдук күйүүчү май ашыкча сарпталгандыгы аныкталды.

**Сунуш:2.3.** Кызматтык автоунаага күйүүчү майларды сарптоодо 30.04.2022-жылдагы №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген ченемдери сакталсын.

**Табуу:3.1.** Кызматкерлерге эмгек акыларды эсептөө жана төлөөлөрдүн туура жүргүзүлүүсүнө аудит жүргүзүүдө КР Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгына негиз кызматкерлердин тамактануу жана транспорт чыгымдары үчүн төлөнүүчү компенсацияларды төлөөдө жалпысынан **67,2 миң сом** киреше салыгы кармалбагандыгы аныкталды.

**Тыянак: 3.2.** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 189-беренесинде эмгек акы, сый акылар, компенсациялык төлөмдөр кызматкердин кирешеси катары көрсөтүлүп киреше салыгы кармалуусу көрсөтүлгөн талаптар сакталбагандыгы аныкталды. Аудиттин жүрүшүндө көрүлгөн чаралардын негизинде, аныкталган **67,2 миң сом** киреше салыгы тиешелүү кызматкерлердин эсебинен кармалып 15.08.2023-жылдагы № 134 төлөө тапшырмасы аркылуу тиешелүү бюджетке чегерилди.

**Сунуш:3.3.** Кызматкерлерге эмгек акыларды эсептөө жана төлөөлөрдү жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө Нускаманын” талаптарына ылайык салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү чегерилсин.

**Табуу:4.1.** Сакалды айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган, жайыт пайдалануучулар бирикмесине оперативдик башкарууга берилген Пресс подборщик тюковой “turkan-1600” маркасындагы атайын техниканын 2022-жылга түзүлгөн келишимге ылайык **100,0миң сом** ижара акысы эсептелинген эмес.

**Тыянак: 4.2.** Жергиликтүү бюджеттин кирешесине түшүүчү ижара акы кирешеси бюджетке өз убагында которулган эмес, аудиттин жүрүшүндө көрүлгөн чаралардын негизинде 100,0миң сом ижара акы ижарачыдан өндүрүлүп 14.08.2023-жылдагы № 434 кассалык кириштөө ордери аркылуу Сакалды айыл өкмөтүнүн кассасына төгүлдү.

**Сунуш:4.3.** Жергиликтүү бюджетке түшүүчү киреше түрлөрү боюнча айыл өкмөттүн жетекчилиги тарабынан катуу көзөмөл жүргүзүлсүн, кирешелер бөлүмү боюнча жооптуу адистерге айыл өкмөттүн бюджетине түшүүчү ар бир киреше түрлөрү боюнча эсептерди жүргүзүү, муниципалдык менчиктеги мүлк ижараларын жана КБФ жерлеринин ижара акылары боюнча төлөмдөрдү келишимдерде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдөн кечиктирбей төлөнүүсүн көзөмөлдөө милдеттендирилсин.

**11. “Ноокен” айыл өкмөтү боюнча (башчысы Календаров Б.К.., ФЭБ башчысы Кабыл кызы Нурзада).**

**1.1. Табуу жана тыянак:**

2022-жылы жалпы 3 кызматкерге ашыкча акы төлөнүүчү эмгек өргүү берилгендиги аныкталды. Аларга акы төлөнүүчү эмгек өргүүгө жалпы **3,0 миң сом** ашыкча төлөнүп берилген. Аудит учурунда ашыкча төлөнгөн акы төлөнүүчү эмгек

өргүүлөрдүн суммасы **1,8 миң** сом тийиштүү кызматкерлердин 2023-жылдын август айындагы эмгек акысынан кармалып ордуна коюлду, ордуна коюлбаган сумма **1,2 миң** сом.

**1.1. Сунуш:** Акы төлөнүүчү эмгек өргүү берүүдө "Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин" жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын талаптары аткарылсын. Н.Жусупбековага акы төлөнүүчү эмгек өргүү катары ашыкча төлөнүп берилген **1,2 миң сом** ордуна коюлсун.

**1.2. Табуу жана тыянак:** 2022-жылы жалпы 3 кызматкерлерге иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөк өлчөмү туура эмес эсептелгендиктен кызматтык маяналарына жалпы **23,0 миң сом** ашыкча төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудит учурунда ашыкча төлөнгөн **23,0 миң** сом тийиштүү кызматкерлердин 2023-жылдын август айындагы эмгек акысынан кармалып ордуна коюлду.

**Сунуш:** Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптары аткарылсын.

**1.3. Табуу жана тыянак:** Айыл өкмөттүн жалпы 7 кызматкерлерине транспорттук жана тамактануу үчүн чыгымдарынын компенсациялык суммаларын белгилөөдө Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 6-пунктунун талабы аткарылбастан, иш сапарда болгон кызматкерлерге транспорттук жана тамактануу үчүн чыгымдарынын компенсациялык суммалары белгиленип, аларга жалпы **17,4 миң сом** ашыкча төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудит учурунда ашыкча төлөнгөн акча каражаттар кызматкерлердин 2023-жылдын август айындагы эмгек акыларынан кармалып ордуна коюлду.

**1.3. Сунуш:** Транспорттук жана тамактануу үчүн чыгымдарынын компенсациялык суммаларын белгилөөдө Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 6-пунктунун талабы аткарылсын.

**1.4. Табуу жана тыянак:** Ноокен айыл өкмөтүнүн жалпы 4 кызматкерлерине 2022-жылдары сый акы катары негизсиз **16,6 миң сом** төлөнүп берилгендиги аныкталды. Аудит учурунда негизсиз төлөнүп берилген **12,5 миң сом** кызматкерлердин 2023-жылдын август айындагы эмгек акыларынан кармалып ордуна коюлду, ордуна коюлбаган сумма **4,1 миң сом**.

**1.4 Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын жана негизсиз сый акы төлөөгө жол берилбесин.

А. Тажибаевага негизсиз төлөнүп берилген **4,1 миң сом** сый акы ордуна коюлсун.

**2.1. Табуу жана тыянак:** Командировкалык чыгымдары үчүн 3 кызматкерге 2022-жылы жалпы **8,9 миң сом** негизсиз ашыкча төлөнгөндүгү аныкталды, анын ичинен: жол кире чыгымдарына 0,8 миң сом, турак жайды ижаралоого 5,3 миң сом жана суткалык акы төлөөгө 2,8 миң сом.

**2.1. Сунуш:** Ашыкча төлөнгөн **8,9 миң сом** бюджетке кайтарылсын жана командировкалык чыгымдарды төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун талаптары аткарылсын.

**3.1. Табуу жана тыянак:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 токтому менен бекитилген "Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө" типтүү жобонун талаптары сакталбастан, 2022-жылга карата жайыт пайдалануу үчүн "мал башынын шарттуу саны" боюнча төлөмдүн өлчөмү жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген эместиги аныкталды;

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 токтому менен бекитилген "Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө" типтүү жобонун 3-главасынын 3-1- пунктунун талаптары сакталбай, жайыт жерлерин пайдалануу үчүн каражаттар жергиликтүү бюджетке түшпөстөн (жайыттарды пайдалануу үчүн каражаттар казыналык система аркылуу түшпөй), "РСК Банк" ААКнун Ноокен филиалындагы өздүк эсеби аркылуу жалпы **135,2 миң** сом сарпталгандыгы аныкталды.

**3.1. Сунуш:** -Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы №386 токтому менен бекитилген "Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө" типтүү жобонун талаптары аткарылсын. Казыналык системасы аркылуу түшпөй пайдаланылган **135,2 миң сом** тийиштүү бюджетке кайтарылсын.

**3.1. Табуу жана тыянак:**

Ноокен айылдык аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Ж.Мамишовдун жоопкерчилигиндеги накталай акча каражаттарына инвентаризация жүргүзгөнүбүздө кассадан **1,5 миң сом** кем чыгуу аныкталды. Аталган сумма аудит учурунда банк аркылуу мекеменин эсебине чегерилип, ордуна коюлду.

**3.2. Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу" токтомунун талаптары аткарылсын жана кассалык тартиптин сакталышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**3.3. Табуу жана тыянак:**

Ноокен айылдык аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинде 2022-жылы 61,8 миң сомдук күйүүчү жана майлоочу майга (дизель майына) болгон 33 жолу чыгымдар өз-өзүнчө жумшалгандыгы тууралуу актылар өз убагында түзүлбөстөн, жалпы 61,8 миң сомго бир акты датасы көрсөтүлбөстөн түзүлгөн. Түзүлгөн жалпы актыдагы (жайыт жерлерге баруучу жолдорду сүрүп оңдоо боюнча) кол койгон комиссиянын мүчөлөрүнөн аудит мезгилинде тактоо учурунда, алар төмөнкүнү билдиришти: а) А.Дурусов: качан жана канча дизель майы 2022-жылда жумшалгандыгы тууралуу так билбей тургандыгын жана актыны окубай туруп кол койгондугун; б) Р.Гапаров: 33 жолу өз-өзүнчө жумшалган дизель майынын ар бири тууралуу маалыматы жоктугун, бирок жалпы актыга кол койгондугун (түшүнүк каттар тиркелет). Жогоруда баяндалгандай өз-өзүнчө жумшалгандыгы тууралуу дизель майына актылар же башка тастыктоочу документтер өз убагында түзүлбөстөн, Ноокен айылдык аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Ж.Мамишовдун жоопкерчилигинен жалпы **61,8 миң сом** негизсиз чыгышталган.

**3.3. Сунуш:**

Негизсиз чыгышталган 61,8 миң сом тийиштүү тараптардан бюджетке кайтарылсын жана айыл өкмөтүндөгу жооптуу тараптар менен эсептешүүдө Кыргыз

Республикасынын Финансы министирлигинин 2023 жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталсын.

**13. "Момбеков" айыл өкмөтү боюнча (башчысы Абдыжапаров К.З.,ФЭБ башчысы Төлөнова Ч.А.).**

**Табуу: 1.** Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талабын сактабастан иш сапарында жүргөн кызматкерлерге **9,8** миң сом транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн, компенсациялык төлөм төлөнүп берилгендиги аныкталды.

Аудит учурунда Момбеков айыл өкмөтүнүн бухгалтердик тактамасынын негизинде кызматкерлердин эмгек акысына **9,8** миң сом дебитордук карыз катары эсепке алынып, ордуна коюлду.

**Тыянак: 1.** Кызматкерлердин транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн компенсациялык төлөмүн төлөөдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талабын бузууга жол берилген.

**Сунуш : 1.** Мындан ары, иш сапарында жүргөн кызматкерлерге транспорттук чыгымдар үчүн, тамактануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдү төлөөгө жол берилбесин жана кызматкерлердин компенсациялык төлөмүн төлөө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына ылайык жүргүзүлсүн. Ашыкча төлөнгөн **9,8 миң** сом бюджетке кайтарылсын.

**Табуу: 2.** Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 17-январындагы №3 Салык Кодексинин 401-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнө тарифтер жөнүндө" мыйзамынын 5-беренесинин талабы сактабастан, 792 га жайыт жерине жер салыгы үчүн **12,2** миң сом, социалдык фонд төлөмү үчүн **14,2** миң сом төлөнбөгөндүгү аныкталды. Аудит учурунда жер салыгы үчүн **12,2** миң сом, социалдык фонд төлөмү үчүн **14,2** миң сом тийешелүү бюджетке которулду.

**Сунуш : 2.** Мындан ары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 17-январындагы №3 Салык Кодексин жана Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 24-январындагы №8 "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүнө тарифтер жөнүндө" мыйзамын бузууга жол берилбесин.

**Табуу: 3.** Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" Жобону талабын сактабастан, 2022-жыл аралыгында демөөрчүлөр тарабынан кайтарымсыз негизде берилген **178,2** миң сомдук товардык материалдык балуулуктар Момбеков айыл өкмөтүнүн балансына кириштелбегендиги аныкталды.

Аудит учурунда жогорудагы товардык материалдык баалулуктар бухгалтердик справка менен балансқа кириштелди.

**Тыянак: 3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" Жобону талабын бузууга жол берилген.

**Сунуш: 3.** Товардык материалдык баалуулуктардын эсепке алуу жана эсептен чыгаруу Кыргыз Республикасынын Финансы министирлигинин 2023 жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары сакталсын.

**Табуу 4.** Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **66,9 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**Сунуш 4.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **66,9 миң** сомдук кошуп жазуулар «ПКК Бая-Жан» ЖЧКсы тарабынан бюджетке кайтарылсын.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**14.“Бүргөндү” айыл өкмөтү боюнча (башчысынын милдетин аткаручу Абибилла уулу Зарлыкбек, ФЭБ башчысы Осмонов Б.Б.).**

**1.1.Табуу,Тыянак**: Бүргөндү айыл өкмөтүнүн 2022-жылы жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүндөгү жайыт ижарасын бекитүүдө айыл өкмөтүнүн тиешелүү адистери тарабынан анык түшүүлөрдүн эсебинин жоктугу жана жыл ичинде киреше планга тактоолорду киргизүүгө сунуш берилбей, натыйжада жайыт ижарасынын акысы 714,0 миң сомго аз бекитилгендиги аныкталды.

**1.1.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 79-беренесинин 2-пункту жана 102-беренесинин 1-пунктарынын талаптары сакталсын. 2023-жылдакы айыл өкмөтүнүн киреше бөлүгүнө тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилип, өндурулбөй калган **714,0 миң сом** ижара акы өндүрүлсүн.

**2.1.Табуу,Тыянак**: Бүргөндү айылдык округунун Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан 2022-жылы бирикменин өздүк эсеп счетуна кириштелген жайыт пайдалануучулардын жайыт төлөмү 481,2 миң сом казналыктын тутумунан тышкары бирикменин өндүрүштүк муктаждыктарына кассадан түз чыгымдалгандыгы аныкталды.

**2.1.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” мыйзамынын 11-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесинин 10-пунктунун талаптары сакталсын.

**3.1.Табуу,Тыянак**: Штат бирдиктеринин туура түзүлүшүнө аудит жүргүзүүдө, мыйзамда белгиленген чектүү курагы 65 жаш көрсөтүлгөн, бирок Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Ношкен айылынын айыл башчысы А.Белекова (20.04.1954-жылы туулган) азыркы күндө иштеп жаткандыгы аныкталды.

**3.1.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын 27.10.2021-жылдагы 125 сандуу "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамынын 37-беренесинин 2-пунктунун талаптарына шайкеш келтрүү сунушталат.

**4.1.Табуу,Тыянак**: Бүргөндү айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын сентябрындагы кызматкерлердин эмгек акысын эсептөөдө 19 кызматкерден суммасы **5,1 миң сомдук** транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн белгиленген компенсациясынан кармалуучу киреше салыгы кармалбай калгандыгы аныкталды.

**4.1.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын 18.01.2022-жылдагы 3 сандуу Салык Кодексинин 189-беренесинин талаптары сакталсын жана кармалбай калган **5,1** миң сом киреше салыгы тиешелүү кызматкерлерден кармалып бюджетке калыбына келтирилсин.

**5.1.Табуу,Тыянак**: Бүргөндү айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин иш сапарына бөлүнгөн каражаттардын үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануусуна жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, айыл өкмөтүнүн 5 кызматкерлеринен 2022-жылга жалпы 10,0 миң сомдук сапар чыгымдарынын ашыкча пайдалануулары аныкталып, көрүлгөн

чаралардын натыйжасында жогорудагы 10,0 миң сомдук ашыкча пайдалануулар тийиштүү кишилерден өндүрүлүп, 2023-жылдын 15-августундагы №74074 сандуу билдирме квитанция менен тиешелүү бюджетке өндүрүлүп, калыбына келтирилди.

**5.1.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы 471 сандуу жана өзгөртүү жана толуктоолор менен кабыл алынган 2016-жылдын 11-майындагы 241 сандуу «Кызматтык сапар чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруусунун тартиби жөнүндөгү» токтомунда көрсөтүлгөн ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн.

**6.1. Табуу**. Аудит камтыган мезгил ичинде утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жалпысы болуп **87,7 миң** сомдук кошуп жазуулар аныкталды, ордуна коюлган жок.

**6.1. Сунуш.** Утурумдук жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланылышы жана туура өздөштүрүшүнө жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында аныкталган **87,7 миң** сомдук кошуп жазуулар “Алинур Плюс” ЖЧКсы тарабынан калыбына келтирилсин.

Аткарылган курулуш иштерин кабыл алууда кошуп жазууларга жол берген техникалык көзөмөл кызматкердин жоопкерчилиги мыйзам чегинде каралсын.

**15. “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасы боюнча (жетекчиси Разакулов С.А., эсепчиси Ахмедова М.)**

**1.1.Табуу,Тыянак**:“Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасынын 2022-жылга штаттык бирдиги бекитилген эмес.

**1.1.Сунуш:** “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасынын бекитилген Жобосунун 4-глава 4.3-пункту, 4-пунктчасынын талаптары аткарылсын.

**1.2.Табуу,Тыянак**: “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасы тарабынан 2022-жылга киреше салыгына 33,3 миң сом, кызматкерден кармалуучу социалдык төлөмдөр 40,9 миң сом, ишкана тарабынан социалдык фондко болгон төлөмдөр 70,6 миң сом (17,25%) , жалпы 144,8 миң сом кармалып, тийиштүү бюджеттерге чегерилбегендиги аныкталды.

**1.2.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2004-жыл 24-январындагы 8 сандуу “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” мыйзамынын 1 жана 2-беренелеринин талаптары сакталсын жана аудит убагында кошумча эсептелинген **33,3 миң сом** киреше салыгы жана **40,9миң сом** камсыздандыруу төлөмдөру тийиштүү бюджеттерге которулуп, калыбына келтирилсин.

**2.1.Табуу,Тыянак**: “Бүргөндү тазалык жана көрктөндүрүү” муниципалдык ишканасында чарбалык муктаждыктары үчүн тооруксуз жалпы суммасы 129,7 миң сомдук ар түрдүү чарбалык буюмдар, кеңсе буюмдар жана күйүүчү майлар сатып алынган жана иштетилгендиги аныкталды.

**2.1.Сунуш:** Кыргыз Республикасынын 14.04.2022-жылдагы 27 сандуу “Мамлекеттик сатып алуулар” мыйзамынын 10 жана 12-беренелеринин талаптары сакталсын жана аталган мыйзам талаптарын бузууга жол берген тийиштүү жоопту кызматкерлерге карата чаралар көрүлсүн.

**16. “Достук” айыл өкмөтү боюнча (башчысы Бекибаев А.Р., ФЭБ башчысы Жусупжан кызы Гулзина)**

**1,1 Табуу,тыянак:** Жайыт пайдалануучу бирикменин бюджетинин аткарылышына аудит жүргүзүүдө эмгек акыдан соцфондго чегерүү **14,5** мин сом, жана киреше салыгы **3,8** мин сом эсептелинбей калганы аныкталды. Каржы бузуулар тийиштүү бюджетке өндүрүлдү (11.11.2023-ж№01-10/1150 каты, квтианцияларын менен).

**1,1. Сунуш:** Эмгек келишим менен убактылуу иштегендерге, эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Респуликасынын Салык кодексинин жана КР. Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июнундагы №385 мамлекеттик социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө токтомунун талаптары аткарылсын.

**2.1. Табуу, тыянак:** Аудит убагында инвентаризациянын негизинде баланска алынбаган **328,0** мин сомдук негизги жабдыктар аныкталды. Каржы бузуулар мекемеге калыбына келтирилди (11.11.2023-ж№01-10/1150 каты).

**Сунуш**: **2.1** Негизги каражаттардын, товардык-материалдык баалуулуктардын эсебин алып баруу, Кыргыз Республикасынын Финансы минимтрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобосунун талаптарына ылайык мекеменин балансына кириштелсин.

**Табуу: тыянак: 3.1.** Эмгек келишим менен убактылуу иштегендерге, эмгек акы төлөөдө, 4-келишим боюнча алган эмгек акысына. кошумча **17,0** мин сом соцфонд төлөмү жана **22,6** мин сом киреше салыгы аудит убагында чегерилбегени аныкталды. Каржы бузуулар тийиштүү бюджетке өндүрулдү (11.11.2023-ж№01-10/1150 каты, кквитанциялары менен).

**Сунуш: 3.1** Эмгек келишим менен убактылуу иштегендерге, эмгек акы төлөөдө, Кыргыз Респуликасынын Салык кодексинин жана КР. Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июнундагы №385 мамлекеттик социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө токтомунун талаптарына ылайык тийиштүү салык жана камсыздандыруу төлөмдөрү чегерилсин.

**Табуу, тыянак:4.4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу типтүү жобо талаптары аткарылбай, ижарага жер аукцион аркылуу берилип, 2-ижарачыдан **243,3** минсом бюджетке түшпөй калганы аныкталды. Каржы бузуулар тийиштүү бюджетке өндүрулдү (11.11.2023-ж№01-10/1150 каты, квитанциялары менен).

**Сунуш:4.4. К**ыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу тиртүү жобо талаптарына ылайык, ижарага берилген жер фондуларынын реестри аныкталып, ижара акылар толук өндүрүлсүн.

**Жалпылоочу СУНУШТАМА.**

1. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарында, бюджеттик мекеме уюмдарында жана муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары боюнча, каржы бузууларга жол берген айыл өкмөт башчыларын, финансы-экономика бөлүмүнүн башчыларынын, муниципалдык ишкана жетекчилеринин, башкы бухгалтерлеринин жоопкерчиликтери каралып, каржылык катачылыктарды толук жоюу жана мындан ары жол бербөө боюнча тиешелүү иш-чаралар көрүлсүн.

2. Райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, финансылык башкарууну жандандырууга, инфраструктураны өнүктүрүүгө, социалдык колдоо көрсөтүүнү жана жергиликтүү бюджеттин туруктуу өсүшүн камсыз кылууга багытталган реалдуу иш-пландар иштелип чыгарылсын.

3. Аудит жүрүшүндө аныкталган каржы бузуулардан төмөндөгү өзүн-өзү башкаруу органдарында жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө тиешелүү бюджеттерге толук өндүрүлбөй калган суммалар тиешелүү бюджеттерге орду толукталсын, анын ичинен:

**-"Момбеков" айыл өкмоту боюнча жалпы – 76,7 миң сом**, андан:

Курулуш иштерине кошуп жазуулар **-66,9 миң** сом;

Эмгек акы, сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөө —**9,8 миң** сом;

-**“Шайдан” айыл өкмөту боюнча жалпы 202,3 миң сом**, андан:

Курулуш иштерине кошуп жазуулар -**202,3 миң** сом;

-**Кочкор-Ата мэрия боюнча жалпы 1540,3 ми**ң сом, андан:

Курулуш иштерине кошуп жазуулар-**1473,8 миң** сом;

Товардык материлдык баалулуктарды негизсиз чыгымдоо-**13,3миң** сом;

Дебитордук карызды учетко алуунун бузуулары-**53,2 миң сом**;

-**“Кочкор-Ата Тазалык” МИ боюнча жалпы 70,6 миң** сом, андан:

Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү (СФ, Салык кошумча эсептөөлөр) **-70,6 миң сом;**

-**“Масы” айыл өкмоту боюнча жалпы 1802,7 миң сом,** андан:

Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреш бөлүгунүн туура келбеши-**1159,2 миң** сом;

Курулуш иштерине кошуп жазуулар-**495,2 миң** сом;

Эмгек акы, сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөө-**24,6 миң сом**;

Дебитордук карызды учетко алуунун бузуулары-**123,3 миң** сом;

-**“Арал” айыл өкмоту боюнча жалпы 517,7 миң** сом, андан:

Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреш бөлүгунүн туура келбеши **494,5 миң** сом (киреше планына кирбеген ижара акы);

Эмгек акы, сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөө- **23,2 миң** сом;

-**“Ноокен” айыл өкмоту боюнча жалпы 211,2 миң с**ом, андан:

Тиешелүү тартипте каражаттарды чегерүүнүн тартибин бузуу **135,2 миң** сом (жайыт төлөмүн кассадан иштетүү);

Товардык материлдык баалулуктарды негизсиз чыгымдоо- **61,8 миң** сом;

Эмгек акы, сапар чыгымы жана башка чыгымдарга төлөө-**14,2 миң** сом;

-**“Бургөндү” айыл өкмоту боюнча жалпы 806,8** миң сом, андан:

Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреш бөлүгунүн туура келбеши **714,0 миң** сом (киреше планына кирбеген ижара акы);

Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү (СФ, Салык кошумча эсептөөлөр)-**5,1 миң** сом;

Курулуш иштерине кошуп жазуулар **-87,7 миң** сом;

**“Бүргөндү тазалык” МИ боюнча жалпы 144,8 миң сом**, андан:

Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү (СФ, Салык кошумча эсептөөлөр)-**144,8 миң сом**;

**Аудиттин жыйынтыгы менен:**

- тиешелүү чараларды көрүү үчүн Ноокен районунун мамлекеттик администрация башчысына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ноокен финансы башкармалыгынын башчысына, айыл өкмөттөрдүн жана мунуципалдык мекемелеринин башчыларына сунуштамалар жана жазма буйруктар;

- жергиликтүү Кеңештердин сессиясында кароо үчүн жергиликтүү Кеңештердин төрагаларына аудиттин отчетторунун, сунуштамаларынын жана жазма буйруктарынын көчүрмөлөрү;

- маалымат үчүн аудиттин жыйынтыгы боюнча жалпылоо отчету Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө берилди.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мамлекеттик инспектору** **К.Рахманов**